КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА КЫЗЫЛ-СУУ

---

***Жергиликтүү кеңешинин***

## ТОКТОМУ

**“10” 07 2026-ж №185** **Кызыл-Суу айылы**

**Кызыл-Суу айыл аймагына караштуу Ысык-Көл (Санаторий) айылында таза сууга болгон тарифти бекитип берүү жөнүндө.**

“Ичүүчү суу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесине ылайык Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 34,39-беренелерин жетекчиликке алып, ошондой эле айыл тургундарынын протоколун карап чыгып, таалкуулап жергиликтүү кеңешинин сессиясы **токтом кылат.**

1.Санаторий айылында калк үчүн ичүүчү таза сууга болгон тариф 39 (отуз тогуз) сом 80 тыйын өлчөмүндө бекитилсин. **(жыйындын протоколу тиркелет)**

2.Бюджеттик мекемелер жана башка юридикалык жактар үчүн ичүүчү таза сууга болгон тариф колдонуудагы эсептөөлөргө ылайык өзүнчө белгиленсин.

3.Ушул токтом тиркемеси менен Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтында жарыялансын.

4.Кызыл-Суу айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин жоопту катчысы А.Ташбаева бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5.Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо жагы жергиликтүү кенештин бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы С.Маданбековго жана айыл өкмөтүнүн башчысы Т.К.Баякуновго тапшырылсын.

**Төрайым** **Г.Чыныбаева**